**"Экономика жана финансы" кафедрасынын Экономика багытындагы (Финансы жана кредит профили) адистер үчүн түзүлгөн окуу планынын мазмунун талкуулоонун**
**№1 ПРОТОКОЛУ.**

Ош шаары, ОшТУ 19-апрель, 2023-жыл

**Президиумдун мүчөлөрү:**
Зикираев М.Т. – э.и.к., доц., кафедра башчысы
Баймуратов А.А. - проф., э.и.к.
Кутманбекова А. А.- проф. м.а.
Жолдошев Б.Р., Батыр уулу А. - доц. м.а.
Омошева Б.И. – доцент
ага окутуучулар:Дыйканова Г.А., Кадырова Т., Жусупова Г.Д., Парпиева Ф.С.
окутуучулар:, Керимбаева Т.Э.Кайыпкулова А.С, Кудайбердиева А.С.

**Күн тартибиндеги маселе:**

1. Экономика багытындагы ("Финансы жана кредит" профили) адистер үчүн түзүлгөн окуу планынын мазмунун ачык талкуулоо.

Экономика жана башкаруу факультетинин "Экономика жана финансы" кафедрасы Экономика багытындагы (Финансы жана кредит профили) адистер үчүн түзүлгөн окуу планынын мазмуну ачык болуп отту. Талкуунун негизги максаты адистиктердин окуу планындагы математикалык жана профилдик компетенцияларынын калыптануусун жана кемчиликтерин талдоо. Талкуу атайын түзүлгөн программанын негизинде өтүлдү. Талкууга ОшТУнун структуралык жетекчилери, тейлоочу кафедралар жана иш берүүчүлөр катышып, өздөрүнүн ойлорун билдиришти.

Талкууга төмөнкү иш берүүчүлөр – көз карандысыз эксперттер, коомдук ишмерлер катышышты:

1. **Курманбаев Мирбек Абдыкадырович** – "Бай-Тушум" ААКнун Оштогу филиалынын директору;
2. **Абдуллаев Куттубек Абдыбакыевич** – Ош шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын башчысы;
3. **Сраждинов Кубанычбек Абдыкадырович**– КРнын Финансы Министрлигинин Ош шаары боюнча башкармалыгынын чыгымдар бөлүмүнүн башчысы;
4. **Тойчиев Чыныбек Абдималикович** – "РСК" ААКнун Оштогу филиалынын директору;
5. **Нуралиев Руслан Аманалиевич** – "КБ Кыргызстан" ААКнун клиенттерди тартуу боюнча башкы менеджер;

**6. Абдырай уулу Асылбек–** Ош шаардык салык кызматынын бөлүм башчысы.

Жогорудагы аты аталган иш беруучулор азыркы замандын талабына жооп берген адистердин тартыштыгын айтып, керектуу дисциплиналарды сунушташты.

**Жарыш сөзгө чыгышты:** доц. Зикираев М.Т.: Урматтуу жумуш берүүчүлөр жана окутуучулар, бугунку онлайн ачык талкуунун негизинде жана учур талабы көрсөткөндөй билим берүү программалары да жаны информациялык технологияларды өздөштүрүү негизги приоритет болуп калууда. Ошол себептен биз да элективдүү курстарга ушул багыттагы эки курсту сунуштасак.

**Жарыш созго чыгышты:**

**Тойчиев Чыныбек Абдималикович** – "РСК" ААКнун Оштогу филиалынын директору: Эн туура айтасыз агай, себеби бизге жумушка келген студенттердин копчулугу азыркы заманга ылайык банк иши боюнча жаңы заманбап технологиялар менен тааныш эместиги бизди бир аз кыйнап коюп жатат. Ошол себептен менин сунушум, банк ишине байланыштуу предметтерге азыркы замандын талабына ылайык иштөөгө айкалышкан предметтерди өтүүңүздөрдү сунуштайт элем.

**7. Абдырай уулу Асылбек** – Ош шаардык салык кызматынын бөлүм башчысы: Саламатсыздарбы урматтуу агай-эжекелер. Азыркы сиздердин козгогон маселеңиздер да аябай актуалдуу. Себеби дегенде, азыркы мезгилде салык саясаты күндөн күнгө өзгөрүлүп жатат . Менин дагы сунушум, азыркы биздин жаштарга мумкун болушунча эртерээк "Организация работы ГНС" деген предметтерден сунуштасак кандай деп ойлойсуздар.

**проф.Баймуратов А.А.:** Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар, иш берүүчүлөр, Сиздердин оюнуздарга толугу менен кошулабыз. Сырттагы иш берүүчүлөрдөн ушундай ой-пикирлерди угуу максатында ушул талкууну уюштуруп жатабыз. Себеби дегенде, бизден бүткөн студенттер келечекте бизден алган билимдер менен канааттанып жатабы, бизден алган билим менен турмуштан өз ордун табууга кыйналбай жатабы деген ой менен ушул вебинарды уюштургранбыз. Сиздерден жакшы ой-пикирлерди ала алдык. Чон рахмат сиздерге.

**доц. Зикираев М.Т.:** Урматтуу коллегалар, урматтуу коноктор, жогорудагыларды угуп, төмөндөгүдөй сунуш берсек, биздин 2023-2024-окуу жылындагы окуу планынын профилдик бөлүккө "Экономическое культура и финансовая грамотность" предметтери киргизилген. Ал эми жалпы окуу планынын тандоо курстарына "Деловые коммуникации/соционика" киргизилген. Студенттер ушул эки предметтин бироосун тандоосу керек.

Биз ушул тандоо курстарынан азыркы замандын талабы болгон жогорудагы предметтердин өтүлүүсүн сунуштасак:

Финансовая система КР;

Копрпоративные финансы;

Монетарная политика;

Современные формы банковского кредита;

Внешнеэкономическая деятельность;

Катышуучулар толугу менен колдошту.

Талкуу түзүлгөн программа боюнча өткөрүлүп, өз максатына жетти. Жыйынтыгында төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кафедранын иш берүүчүлөр менен жолугушуулары байма-бай өткөрүлүү жагы күчөтүлсүн.
2. 580100 Экономика багытынын окуу планындагы жогоруда сунушталган предметтер студенттерге өтүлүү үчүн ОшТУнун окумуштуулар кенешине сунушталсын.
3. Бул маселенин ишке ашырылуусун көзөмөлдөө жагы кафедра башчы М.Т.Зикираевге жүктөлсүн.

**ЭжФ каф. башчысы:** **доц. Зикираев М.Т.**

**Катчы:** **окут. Кудайбердиева А.С.**